УДК: 894.341(575.2)(043.3)

Устабаева Г.К.,
К.Карасаев ат БГУ, ф.и.к., д.м.а

МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ИШ ЖҮЗҮНӨ АШЫРУУ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ ОКУМУШТУУ К.АРТЫКБАЕВДИН КӨЗ КАРАШЫ МЕНЕН

ВЗГЛЯД УЧЕНОГО К. АРТЫКБАЕВА НА РЕАЛИЗАЦИЮ И РАЗВИТИЕ ГОСУДАРСТВЕННОГО ЯЗЫКА

Аннотация: *К.Артыкбаев кыргыз тилин мамлекеттик тилдин деңгээлине жеткирүү үчүн алгач мамлекет башында турган кызматкерлердин кыргыз тилинде так, сабаттуу сүйлөп, жаза билүүсүн талап кылуу менен бирдикте, ар бир окуу жайына (орто, орто-кесипчилик, жогорку окуу жайы ж.б.) кирген окуучу кыргыз тилинде дилбаян жазуу менен сынактан өтүп, окуу жайды бүтүрүп жатканда да кыргыз тилинен мамлекеттик сынак тапшыруусун сунуштаган. Мына ушундай этаптан өтөөрүн билген ар бүтүрүүчү мектептен эле мамлекеттик тилди сабатуу үйрөнүп чыгаарын баса белгилеген.*

Түйүндүү сөздөр: *Мамлекеттик тил, кыргыз тили, окуу жай, дилбаян, таасир, маселе, публицист-сынчы, үзгүлтүксүз, мамлекеттик кызматкер, компьютердик тестирлөө, иш кагаздары ж.б.*

Аннотация: *К.Артыкбаев для поднятия кыргызского языка до уровня государственного языка в первую очередь предлагал, чтобы государственные служащие разговаривали и писали на кыргызском языке грамотно, наряду с этим для поступающих в каждое учебное заведение (среднее, средне-специальное, высшие учебные заведения) предлагал написать сочинение и сдавать экзамены, а также при окончании учебного заведения сдавать государственные экзамены по кыргызскому языку. При этом отметил что каждый выпускник зная о прохождении такого этапа, с школы будет учится грамотно государственному языку.*

Ключевые слова*: Государственный язык, кыргызский язык, учебное заведение, сочинение, влияние, критик-публицист, без перерыва, государственный служащий, компьютерное тестирование, документация.*

Annotation: *K. Artykbaev proposes to bring the level of Kyrgyz language to the state level, first of all it is necessary to demand from civil servants to talk and wrote in Kyrgyz competently and accurately and at the same time, the students who are entering every educational institution (secondary technical school and higher educational institution) have to pass exam by writing an essay and at the end of the institution to pass the state exam in the Kyrgyz language.*

K. Artykbaev especially stressed that every graduate knowing of passing such stages will learn the state language from school very deeply.

Key words: *the state language, Kyrgyz language, educational institution, essay, influence, publicist-critic, ongoing, issue, civil servants, computer test, clerical work.*

Мамлекеттик тилдин өнүгүүсүнө 1991-жылдагы коомдук өзгөрүү, Союз ыдырашы, андагы ар бир республиканын өзүнчө мамлекет катары таанылып, эгемендүүлүккө жетишүүсү терс таасирин абдан тийгизген. Ушундан улам басма сөз беттеринде мамлекеттик тил үчүн тынчсызданган макалалар жарыялана баштаган [1]. Алардын пикирлери боюнча мамлекеттик тилдин өнүктүрүүнүн башкы критерийи болгон иш кагаздар, сессия, чогулуш ж.б. жыйындар дале болсо кыргыз тилинде жүргүзүлбөй жатканын бир ооздон белгилешкен.

Ошол убакта К.Артыкбаев да мамлекеттик тилдин проблемаларына байланыштуу макалаларды жазууну активдештирип, газеталарга байма-бай жарыялап отурган. Анын чоң проблемаларды козгоп, олуттуу сунуштарды киргизген мамлекеттик тилге байланышкан жыйырмадан ашуун макалалары жарыяланган. Мындай макалалары менен К.Артыкбаев мамлекет-

тик тил үчүн күйөрман катары талыкпаган эмгегин жумшаган.

К.Артыкбаев жазган макалаларында ар түрдүү ыкмада, ар башка проблемаларды козгоп, чогулуш, жыйындарда, конференцияларда доклад жасап, сунуш киргизип, аны иш жүзүнө ашыруу үчүн өзүнүн бардык күчүн жумшаган. Бул теманы ал 1989-жылдан баштап, өмүрүнүн акырына чейин үзгүлтүксүз козгоп келген. Публицист-сынчынын республикалык газеталарга жарыяланган мамлекеттик тил маселесине байланышкан макалаларынан жана 1999-жылы чыгарган «Мамлекеттик тилдин маселелери» аттуу китебинин мазмунун карап көргөндө аларда көп жаңы ойлор, көз караштар, сунуштар айтылгандыгы даана байкалат. Албетте, алардын бардыгын талдап отуруу, бардыгы жөнүндө сөз кылуу мүмкүн болбогондуктан, макалалардагы, жыйнактагы көтөрүлгөн маселелердин үндөштүгүнө, бирин экинчиси улантып, андан ары тереңдетип байыткан жагдайына жараша жалпылап кароо илимий жагынан да туура болоор деп ойлойбуз.

К.Артыкбаевдин мамлекеттик тилге байланышкан макалаларында кыргызды кыргыз кылуу маселеси өзгөчө маниге ээ. Бул проблеманы чечүү үчүн алгачкы кадам катары жогорку окуу жайларда, техникумдарда окуу акырындык менен кыргыз тилинде жүргүзүлүшү керектигин 1990-жылы «Сөз менен эмес, иш менен...» аттуу макаласында белгилеп келип, төмөндөгүдөй принциптүү оюн айткан: «... эң башкысы – республиканын бардык жогорку окуу жайларына, техникумдарына кирүү экзамендеринин бири катары кыргыз тили жана адабиятынан сочинение жазуу киргизилиши өтө зарыл» [2]. Мына ушул оюнан улам К. Артыкбаевдин кыргызды кыргыз кылуу маселесине болгон күрөшүүсү башталат. Кыргыз тилин үйрөтүүдө дилбаян жаздырууну жогорку окуу жайларынан баштоону бекеринен талап кылган эмес. Себеби, орто мектепти аяктаган ар бир окуучу андан ары билимин жогорулатууда кыргыз тили жана адабиятынан экзамен берүүсүн алдын ала сезгенинен улам, орто мектептен эле аны жакшы өздөштүрүүнү баштамак.

К.Артыкбаевдин ушул сыяктуу конкреттүү сунуштары кийинки макаласында активдүү улантылат. Кайсы бир учурларда коомчулук тарабынан айтылган, бирок, көмүскөдө калгансыган пикирлерди ачыкка чыгарууда да өзүнүн сезгичтик ыкмасын көрсөтө алгандыгы байкалат: мисалы, 1991-жылы филология илимдеринин кандидаты С.Мусаев өзүнүн «Закондун маңызы эмнеде?» аттуу макаласында: «Мамлекеттик тилди үйрөнүү президент, премьер-министр, Жогорку Кеңештин депутаттары иштеген «ак мрамор үйлөрдөн» башталат – деп белгилеп келип, алардан, — өзүңүздөрдү төмөнкү структуралык органдарыңыздарга, алардын жетекчилерине, ар кандай документтерди, талап-буйруктарды, кат-кабарларды, суроо-жоопторду мамлекеттик тилде жөнөтүп, кайра алардан мамлекеттик тилде жооп талап кылсаңыздар эле мамлекеттик тил жөнүндөгү закон өлүк чектен чыгат да, бүтүндөй система кыймылга келет» [3] - деп талап кылган. Ал эми ушундай эле маанидеги маселе К.Артыкбаевдин 1992-жылы жазылган «Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акай уулуна үч сунуш» аттуу макаласында алда канча конкреттүү, жогорку деңгээлде козголгондугу менен макала өзүнүн баалуулугун арттырган.

К.Артыкбаев республикада чечилбеген көп олуттуу маселелердин ичинен дал ушул мамлекеттик тил проблемасын өлкөнү башкарган президенттин өзүнөн баштоо зарылдыгын күн тартибине алып чыгуу кыргызды кыргыз кылуудагы дагы бир олуттуу критерий экендигин баса көрсөтөт. К.Артыкбаевдин өлкөнүн президентине болгон үч сунушунун бири бул: «... угушумда (уккан кулакта жазык жок) жогору жактагы аппараттарга көпчүлүк кызматкерлер мамлекеттик тилде сабаттуу жаза албаган (сүйлөй билүүнү жаза билүү менен чаташтырбоо керек) адамдардан топтолгон экен. ... Ошондуктан президенттин, премьер-министрдин, Жогорку Кеңештин, министрликтердин аппараттарындагы кызматкерлерди тезинен эки тилде сабаттуу жаза билген, ишкер тажрыйбалуу адамдар менен алмаштыруу өтө зарыл. Ансыз эч убакта иш кагаздары мамлекеттик тилде жүрбөйт» [4].

Публицист-сынчынын бул пикиринде чындыктын үлүшү бар эле. Анткени, өкмөттүк аппараттардын бардыгында мурда орус тилинде тарбияланып, билим алган жаштар кабыл алынып, басымдуу көпчүлүгүн кыргыз тилинде сабатсыз сүйлөгөндөрдүн саны түзгөн. Муну күн мурун байкаган К.Артыкбаев негизги ишти ошолордон талап кылат. Ошондуктан сынчынын бул макаласы мурунку макалаларына салыштыра келгенде коомдун өзгөргөнүнө байланыштуу ачуу чындыктын бетин ачып, өзөктүү ишти эмнеден башташ керектигин, ошол учур эмнени талап кылса, ошого карата тайманбастык менен мамиле жасагандыгы көрүнсө, ошол эле учурда мамлекеттик кызыкчылык үчүн мамлекет башкарган президенттин да кемчилигин көрсөтүүгө болоорун далилдеген.

Ошону менен катар К.Артыкбаев иш кагаздарына байланышкан жаңы маселенин учугун чубайт. Бул маселе чынында кыргыз тилине байланышкан ар бир макалада козголуп өткөн. Анын бир мисалы катары 1992-жылы транспорт министрлигинин котормочусу Э.Өмүракунов «Кыргызга кыргыз тили керекпи?» аттуу макаласында иш кагазына байланыштуу: «... дагы бир жүрөктү өйүгөн маселе, ар бир мекемедеги иштеп жатышкан улуту кыргыз жетекчилери өзү баш болуп кыргыз тилинде буйруктарды, өтүнүчтөрдү, сунуштарды, талаптарды, маалыматтарды, токтом чыгарган иш кагаздарын кыргызча билишпейт. Башкача айтканда, кыргыз тили боюнча сабатсыз. Негизги иш иш кагаздарын кыргызчага өткөзүү, мына ушундан башталат» [5] - деген. Чынында ошол кездеги мамлекетти жетектеген кызматкерлердин кенебестигинен, кыргыз тилин чала сабат билгендиктен мамлекеттик тилдин абалы начарлап, иш кагаздары кыргыз тилинде жүргүзүлбөй келген.

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» мыйзамын ишке ашырууну көздөп, 1997-жылдын 1-январына чейин кечиктирилбестен иш кагаздарын мамлекеттик тилге өткөрүүнү талап кылган Кыргыз Республикасынын өкмөтү **«КРнын эл депутаттарынын жергиликтүү кеңештеринде, мамлекеттик акимдиктерде, акимдик ведомстволордо, мекемелерде, ишканаларда, мамлекеттик кооперативдак жана коомдук уюмдарда иш кагаздарын жүргүзүү боюнча Түп нускоону бекитүү жөнүндө»**

токтомун чыгарышкан. Өз учурунда кыргыз тили жөнүндөгү мыйзамдардын иш жүзүнө ашырууда кандай иштерди жүргүзүү зарылдыгын Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн мамлекеттик тилди өнүктүрүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси К.Токтоналиев: «... кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары коомдук чөйрөнүн бардык тармагына жайылтуу жана мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамды турмушка ашыруу үчүн эң биринчи иретте иш кагаздарын мамлекеттик тилге толук өткөрмөйүнчө тил жөнүндөгү мыйзамдын аткарылышы кур сөз бойдон кала берет» [6] - деп комментарийлеген.

Бул үчүн мамлекеттик тилге байланышкан маселелерди тездетип чечүү муктаждыгын түзүү зарылдыгы келип чыккан. К.Артыкбаевдин 1993-жылы 21-августта «Чүй баяны» газетасына жарыяланган «Тилибизди мамлекеттик тилдин деңгээлине кантип көтөрөбүз?» аттуу макаласында көтөрүлгөн бир проблема да ушул муктаждыкты көздөйт. Автор бул макаласында 1990-жылы козгогон билим берүү тармактарында кыргыз тили жана адабиятынан дилбаян жаздыруу маселесинин маанисин тереңдеткен. Өзгөчө кыргыз адамдарынын кыргызча жаза албаган проблемасын – дилбаянды орто мектеп, техникум жана жогорку окуу жайларда жүргүзүү менен чечүү мүмкүн экендигин көрсөтүп бере алган. Ал үчүн орто мектепти бүтүп жаткан окуучуга кыргызча сабаттуу жазып, сүйлөмөйүн окууну бүткөндүгү тууралуу документ берилбесин талап кылат. Мына ушундай абал түзүлгөндө гана мектеп окуучусу кыргыз тилине болгон мамилесин өзгөртмөк. Ошону менен катар бул олуттуу практика публицист-сынчынын төмөндөгү пикири боюнча: «... техникум, кесиптик-техникалык, жогорку окуу жайларында окуган окуучулардын, студенттердин окуу пландарына жазуу иштерин жүргүзүүнү киргизишип, (муну министрлик жана жогорку окуу жайлар тезирээк чечсе жакшы болор эле) мамлекеттик сынак түрүндө сыноодон өткөндөн кийин гана диплом берилсе, ошондо гана эл чарбасынын ар тармактарында иштей турган адистерибиз, интеллигенттерибиз, жетекчи кызматкерлерибиз кыргыз тилинде жазуу – документтик иштерди туура жүргүзүү мүмкүндүктөрүнө ээ болушмакчы» [7]. К.Артыкбаевдин койгон талабы туура, себеби, дилбаян жазуу ар бир адамды терең, логикалуу ой жүгүртүүгө, өзүнүн оюн кагазга туура түшүрүүгө, сөз байлыгын өнүктүрүүгө багытталган сынак. Кайсы тилде болбосун дилбаян жазууну толук өздөштүргөн адам, толугу менен ошол тилди үйрөндү дегенге барабар болмок. Демек, белгилүү бир тилде жазуу ишин өнүктүргөндөрдүн көпчүлүгү иш кагазын да эч проблемасыз жүргүзө алмак. К.Артыкбаев аталган макаласында коомчулукту ынандырган олуттуу сунуш-пикир айтуу менен бирге Кыргыз Республикасынын билим берүү системасына жаңыдан кирип келе жаткан, мамлекеттик тилдин өнүгүүсүнө кедерги боло турган, актуалдуу проблема катары компьютердик тестирлөө практикасына биринчилерден болуп каршы чыккан. «Бул практика – деп баса белгилейт публицист-сынчы, – түздөн-түз мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамдын ишке ашышын жокко чыгаруучу практика. Анткени ал – адамды туура жазуудан биротоло четтетип, билген маалыматтарды, ой жүгүртүүлөрдү кагазга туура түшүрө билүү өнөрүнөн ажыратып сала турган практика. Компьютер текстерге ой жүгүртүү, сабаттуу жазууга аз тиешеси бар илимдерге ылайык келет» [7].

К.Артыкбаевдин негизги позициясы кыргызды кыргыз кылуу маселесин көздөгөндүктөн, бул практиканы өнүктүрүүгө таптакыр каршы чыгат. Албетте, мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзам иш жүзүнө ашпай турганда тесттердин суроолоруна, бир кнопканы басып коюу менен жооп берүү баланын оюнундай элес калтырат. Биздин оюбузча, бул ыкма ой жүгүртүүнү талап кылган гуманитардык илимдерге туура келбейт. Ал адам баласын сабаттуу жазуудан алыстатып, ойлоо сезимин өстүрбөй коюучу кесепет. Натыйжада жаштарды логикалуу ой жүгүртүү жагынан такыр мокотуп таштайт. Бирок, мындай терс практика билим берүү системасына сиңип кеткен. К.Артыкбаев компьютердик тестирлөө физика, математика, химия, геометрия ж.б. өндүү техникалык жана табият илимдерине туура келүүчү илимдерден экенин дагы бир жолу «Тилин барктабаган мамлекет мамалекет эмес» аттуу [Кыргыз Туусу. -1995. -29-июнь] коллективдешип жазган макаласында белгилейт. Кыргыздарды кыргыз кылууга кедерги болгон компьютердик тестирлөө маселесин акыры коомчулуктун аң-сезимине жеткидей кылып курч мааниде жазууга аргасыз кылды. Макала 1999-жылы 13-18-октябрда «Мамлекеттик тилдин тамыры жоголобу, же адабиятты манкурт, окуучуну дудук кылуу менен тилибиздин өнүгүшүнүн токтотуунун амалы» деген аталыштагы макаласын «Республика» газетасына жарыяланган. Макаланын жазылышына 1997-жылы Кыргыз Республикасынын билим, илим жана маданият министрлиги тарабынан бекитилип, Бириккен Улуттар уюмунун өнүгүү Программасынын (Кыр (95) 002 – Центр тестирования МОНиК) проектиси боюнча иштелип чыккан тесттик тапшырмалардын Банкынын негизинде түзүлгөн «Кыргыз адабияты боюнча тесттик тапшырмалар» деген жыйнак себепчи болгон. Жыйнак – орто мектептин окуучулары жана жогорку окуу жайларына кирүүчүлөр үчүн кыргыз адабиятынан түзүлгөн суроолорду камтыган окуу курал.

Негизинен адабият сабагы жазууга, логикалуу, философиялуу ой жүгүртүүгө негизделген спецификалуу сабак болгондуктан, бир сүйлөм ичине, тесттин жообу катары маңыздуу ойду батыруу мүмкүн эмес эле. Ошондуктан сынчы жыйнакка кирген тесттин суроолоруна, ага карата берилген жоопторго, кетирилген орой каталарга катуу сын айтып, берилген тесттик суроолор менен жоопторду окуучулардын аң-сезимин өстүрбөй турган манкурт кылуучу ойлор бар экенин ачыкка чыгарат. Чет өлкөдөн келген бул билим берүү системасынын терс мааниси бар экенин, ал биздин билим берүү системасына жараксыздыгын коомчулукка ачык түрдө төмөндөгүчө жарыялайт: «... Америкалыктар өздөрү англис тилинде сочинение жаздырып, а биздин окуучуларды кичинекей кезинен манкурт, дудук кылып коюп, анан бүткүл дүйнөнү англис тилинде иш жүргүзүүгө багыттап жаткан саясатты тымызын ишке ашырып жаткандыгы өтө аянычтуу абалды түзүп отурат» [8]. Ушундан улам автор алгач макаласында баштаган «... сочинение жаздыруу, анан мамлекеттик сынак менен аяктоо зарыл» деген позициясынан танбай, мезгилдин талабына жараша улам күчөтө берген.

К.Артыкбаев кыргызды кыргыз кылуу максатында койгон жогорудагы талаптар иш жүзүнө ашпай, унута калып келетат. Бир кезекте өлкөнүн президентине ал жогорку кызматкерлерди кыргыз тилинде сабаттуу жазып, сүйлөй билген адамдар менен алмаштырмайын иштин алга жылбасын бекеринен эскертпесе керек.

Адабияттар

1. Садыков А. Сөздөн ишке өтөлү. [Текст] /А.Садыков //Мугалимдер газетасы, 1991, 8-февраль; Ырсаалы у Айылчы. Мыйзам арык аттап суу кечпей калды. [Текст] / Ырсаалы у Айылчы. // Билим шамы, 1991, 2-сентябрь; Рыспаев С. Президент, мектеп жана мамлекеттик тил. [Текст] / С.Рыспаев //Бишкек шамы, 1991, 4-ноябрь. ж.б.

2. Артыкбаев К. Сөз менен эмес, иш менен. [Текст] / К.Артыкбаев //Советтик Кыргызстан, 1990, 6-февраль

3. Мусаев, С. Закондун маңызы эмнеде? [Текст] /С.Мусаев //Бишкек шамы.- 1991. – 20 июль

4. Артыкбаев, К. Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акай уулуна үч сунуш [Текст] /К.Артыкбаев // Бишкек шамы. – 1992. – 27 февраль

5. Өмүракунов, Э. Кыргызга кыргыз тили керекпи [Текст] /Э.Омуракунов //Эне тил. – 1992. - № 34. – дек.

6. Токтоналиев, К. Иш кагаздары мамлекеттик тилде жүргүзүлөт [Текст] /К.Токтоналиев //Кыргыз туусу. – 1992. – 12 май.

7. Артыкбаев, К. Тилибизди мамлекеттик тилдин деңгээлине кантип көтөрөбүз [Текст] /К.Артыкбаев //Үчү баяны. – 1993. – 21 август

8. Артыкбаев, К. Мамлекеттик тилби, же үй тилиби? [Текст] /К.Артыкбаев, С.Мусаев //Кыргыз туусу. – 1996. -19 март.

9. Артыкбаев, К. Мамлекеттик тилдин тамыры жоголобу? [Текст] /К.Артыкбаев //Республика. – 1999. - 5-11; 13-18 окт.

Кошумча адабияттар:

1. Артыкбаев, К. Мамлекеттик тил маселелери [Текст] /К.Артыкбаев. – Бишкек: Б-сыз, 1999. - 131 б.

2. Артыкбаев К. Мамлекеттик тил президентке эле керекпи? [Текст] /К.Артыкбаев //Асылзат, декабрь, 2000. №32.

3. Акматов К. Мамлекеттик тил азырынча кагаз жүзүндө.[Текст]/К.Акматов //Zaman Кыргызстан, 1999, 22-октябрь

4. Дүйшеев, Ж. Эне тилибиз мамлекетпи же … [Текст] /Ж.Дуйшеев //Заман Кыргызстан. – 1996. – 20 дек.

5. Нарынбек Курманалы уулу. Иш кагаздарын тезирээк кыргызчалайлы [Текст] /Нарынбек Курманалы уулу //Кыргыз туусу. – 1992. – 6 июнь.

6. Осмонкулов, А. Муңайган муңдуу мыйзам [Текст] /А.Осмонкулов //Заман Кыргызстан.- 2000. – 28 янв.